| | И. Раззаков атындагы<br>Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 01-3-11 |

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин жыйынында
Протокол № 1
«30» 09 2026-ж.

**БЕКИТЕМ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
ректору
Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/194
«2» 10 2026-ж.

# «И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУНУН ТЕХНОПАРКЫ» МЕКЕМЕСИНИН ВЕНЧУРДУК ИННОВАЦИЯЛЫК ФОНДУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Бишкек-2026

# ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮН ТИЗМЕСИ

| НУА версиясынын № | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун же абзацтын № (беттин номери көрсөтүъ менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколунун № жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №1 30.09.2026 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Ушул Жобо И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Технопаркынын Венчурдук фондунун (мындан ары — Венчурдук фонд) максаттарын, милдеттерин, ишмердүүлүгүнүн принциптерин, түзүү, башкаруу, каржылоо жана ишмердүүлүгүн токтотуу тартибин аныктайт.

**1.2.** Венчурдук фонд И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Технопаркынын (мындан ары — Технопарк) ишмердүүлүгүнүн алкагында, коммерциялаштыруу жана масштабдоо потенциалына ээ болгон стартаптарды жана инновациялык долбоорлорду каржылоо үчүн инвесторлордун каражаттарын тартуу жана бириктирүү максатында түзүлөт.

**1.3.** Венчурдук фонддун ишмердүүлүгү төмөнкүлөргө ылайык жүзөгө ашырылат:

- Кыргыз Республикасынын «Венчурдук каржылоо жөнүндө» Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын «Технологиялык парктар жөнүндө» Мыйзамы;
- инвестициялык, инновациялык, ишкердик ишмердүүлүк жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары;
- ушул Жобо;
- КМТУнун жана Технопарктын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бөлүгүндөгү ички документтери.

**1.4.** Венчурдук фонд мыйзамдуулук, ачык-айкындуулук, ачыктык, келишим эркиндиги, инвестициялык көз карандысыздык, катышуучулардын ак ниеттүүлүгү, инвесторлордун жана инновациялык долбоорлорго катышуучулардын укуктарын коргоо принциптеринде ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат.

**1.5.** Венчурдук фонд өзүнчө юридикалык жак болуп саналбайт, анын ишмердүүлүгү Венчурдук фонддун катышуучуларынын ортосундагы келишимдин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка документтердин негизинде жүзөгө ашырылат.

**1.6.** Технопарк инновациялык долбоорлорду калыптандыруу, аларды инвестициялык каржылоого даярдоо, инвесторлор менен өз ара аракеттенүү жана долбоорлорду коштоо үчүн инфраструктуралык жана уюштуруучулук аянтча катары кызмат кылат.

**1.7.** Ушул Жободо, атап айтканда, төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

**венчурдук каржылоо** — стартаптарга жана өсүү потенциалы жогору инновациялык долбоорлорго катышуу үлүштөрүн, акцияларды сатып алуу же инвесторду компаниянын наркынын өсүшүнө катыштырууну караган башка инвестициялык инструменттерди берүү аркылуу жүзөгө ашырылуучу тобокелдиги жогору инвестициялар;

**инновациялык венчурдук фонд** - технопарктардын натыйжалуу ишмердүүлүгүн уюштуруу, келечектүү инновациялык долбоорлорду трансферттөөнү каржылоо үчүн технопарктарда топтолуучу каржы каражаттары;

**стартап** — инновациялык идеяларга негизделген жана конкреттүү көйгөйдү чечүү үчүн масштабдалуучу бизнес-моделди, жаңы продуктуну же кызматты иштеп чыгуу жана сыноо жолу менен түзүлгөн юридикалык жак же долбоор;

**венчурдук долбоор** — каржылоону венчурдук фонд, венчурдук компаниялар, фонддор, бизнес-ангелдер, Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган жеке жана юридикалык жактар жүзөгө ашырган инновациялык долбоор;

**венчурдук башкаруучу** - ушул Жобого ылайык венчурдук фондду анын калган катышуучуларынын атынан башкарууну жүзөгө ашыруучу жеке же юридикалык жак;

**бизнес-ангел** — өзүнүн каражаттарын стартаптарга жана инновациялык компанияларга алардын өнүгүүсүнүн алгачкы баскычтарында инвестициялоочу жана зарылчылыкка жараша консультациялык же экспертик колдоо көрсөтүүчү жеке жак.

## 2. Максаттар жана милдеттер

**2.1.** Венчурдук фонддун негизги максаты — инновациялык ишмердүүлүктү венчурдук каржылоону өнүктүрүү, илимий иштеп чыгууларды коммерциялаштырууга көмөктөшүү жана стартаптарды, инновациялык долбоорлорду өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

**2.2.** Венчурдук фонддун негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

1. квалификациялуу инвесторлордун каражаттарын тартуу жана бириктирүү;
2. өсүү потенциалы жогору стартаптарды жана инновациялык компанияларды каржылоо;
3. КМТУнун, Технопарктын жана башка илимий-билим берүү уюмдарынын илимий иштеп чыгууларынын базасында түзүлүүчү инновациялык долбоорлорду каржылоо;
4. илимий жана илимий-техникалык ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын коммерциялаштырууга көмөктөшүү;
5. студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, докторанттардын, илимий-педагогикалык кызматкерлердин жана инновациялык ишмердүүлүктүн башка катышуучуларынын ишкердик компетенцияларын өнүктүрүү;
6. жаңы жогорку технологиялык ишканаларды жана продуктуларды түзүүгө көмөктөшүү;
7. бизнес-ангелдерди, венчурдук инвесторлорду, өнөр жай өнөктөштөрүн жана башка инвесторлорду тартуу;
8. инвестицияланган долбоорлорду коштоо;
9. ийгиликтүү инновациялык долбоорлорду масштабдоого көмөктөшүү;
10. университеттин, илимий уюмдардын, бизнестин жана инвесторлордун өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүү.

**2.3.** Венчурдук фонд стартаптын же инновациялык долбоордун өнүгүүсүнүн ар кандай стадияларында мыйзамдарда жана Венчурдук фонддун инвестициялык стратегиясында белгиленген чектерде инвестицияларды жүзөгө ашырышы мүмкүн.

## 3. Венчурдук фондду түзүү булактары

**3.1.** Венчурдук фонддун катышуучулары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык венчурдук ишмердүүлүккө катышууга укугу бар жеке жана юридикалык жактар боло алат.

**3.2.** Инвестициялык портфелди түзүүгө төмөнкүлөр тартылышы мүмкүн:

- венчурдук инвесторлор;
- бизнес-ангелдер;
- юридикалык жактар;
- өнөр жай өнөктөштөрү;
- эл аралык жана башка уюмдар;
- мыйзамдарга ылайык тиешелүү укугу бар башка жактар.

**3.3.** Венчурдук фонд Технопарктын бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук талаптарына ылайык түшүүлөрдүн жана чыгымдардын өзүнчө эсебин жүргүзөт.

**3.4.** Инвесторлордун укуктары, милдеттери, салымдарынын өлчөмү, катышуу тартиби, кирешелерди бөлүштүрүү, Венчурдук фонддон чыгуу тартиби жана катышуунун башка шарттары мыйзамдар жана келишимдик документтер менен аныкталат.

**3.5.** Инвесторлор Венчурдук фондго катышкандыгына байланыштуу гана Технопарктын же КМТУнун ишмердүүлүгүн башкаруу укугун алышпайт.

3.6.Венчурдук фонддун каражаттары жалаң гана анын инвестициялык стратегиясына, келишимдик документтерге жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдаланылат.

## 4. Башкаруу түзүмү

**4.1.** Инвестициялык чечимдерди кабыл алуу үчүн Венчурдук фонддун Кеңеши (мындан ары — Кеңеш) түзүлөт.

**4.2.** Кеңеш:

1. инвестициялык сунуштарды карайт;
2. инвестициялык тобокелдиктерди баалайт;
3. долбоорлорду каржылык, техникалык, рыноктук жана укуктук талдоонун жыйынтыктарын карайт;
4. инвестициялык чечимдерди берилген ыйгарым укуктардын чегинде кабыл алат же кабыл алууга сунуштайт;
5. инвестициялык портфелге мониторинг жүргүзөт;

6. кошумча каржылоо боюнча сунуштарды карайт;
7. инвестициялык долбоорлордон чыгуу маселелерин карайт.

**4.3.** Кеңештин курамына төмөнкүлөр кирет:

– И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору (Кеңештин төрагасы);
– илимий иштер боюнча проректор;
– Технопарктын директору;
– КМТУнун педагогикалык курамынын өкүлдөрү;
– индустриалдык өнөктөштөрдүн өкүлдөрү;
– инвестициялар, инновациялар, финансы, укук, технологиялар жана коммерциялаштыруу чөйрөсүндөгү эксперттер.

**4.4.** Кеңештин мүчөлөрү жеке кызыкчылыктын же кызыкчылыктар кагылышынын бар экендигин ачыкка чыгарууга милдеттүү.

**4.5.** Каралып жаткан долбоорго карата кызыкчылыктар кагылышы бар адам тиешелүү инвестициялык чечимди кабыл алууга катышпайт.

**4.6.** Венчурдук фондду операциялык башкарууну Кеңеш дайындаган венчурдук башкаруучу жүзөгө ашырат. Венчурдук башкаруучу иштин уюштурулушуна, долбоорлорду кабыл алууга жана тандоого, келишимдерди түзүүгө жана каражаттардын сарпталышына көзөмөл жүргүзүүгө жооптуу.

## 5. Долбоорлорду тандоо жана каржылоо тартиби

**5.1.** Конкурстук тандоонун катышуучулары жана каржылоонун потенциалдуу алуучулары төмөнкүлөр боло алат:

– Технопарктын резиденттери жана өнөктөштөрү;
– КМТУнун студенттери, магистранттары, аспиранттары жана PhD-докторанттары;
– КМТУнун жана Технопарктын илимий-педагогикалык кызматкерлери жана кызматчылары;
– ойлоп табуучулар, новаторлор жана чыгармачыл жаштар;
– стартап-долбоорлордун тышкы авторлору жана командалары, индустриалдык өнөктөштөр.

Технопарктын резиденти статусунун болушу Фонддун тандоосуна катышуу жана колдоо алуу үчүн милдеттүү шарт болуп саналбайт.

**5.2.** Каржылоого өтүнмөлөрдү кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлөт жана 5.1-пунктта көрсөтүлгөн бардык өтүнүчүлөр үчүн ачык.

**5.3.** Өтүнүчү бизнес-планды, прототипти же инновациялык долбоордун сүрөттөмөсүн Технопарктын Дирекциясы белгилеген форма боюнча тапшырат.

**5.4.** Долбоорлорду тандоо төмөнкү критерийлер боюнча жүргүзүлөт:

– инновациялуулук жана технологиялык жаңылык;
– потенциалдуу коммерциялык тартымдуулук;
– долбоор командасынын компетенттүүлүгү;
– Фонддун стратегиялык приоритеттерине шайкештик.

**5.5.** Каражаттарды бөлүү жөнүндө чечимди эксперттердин жана/же Технопарктын Илимий-техникалык кеңешинин сунуштамалары негизинде Кеңеш кабыл алат.

**5.6.** Каржылоо гранттар, катышуу үлүшү менен инвестициялар, кайтарылуучу каржылоо түрүндө же Кеңеш аныктаган башка келишимдик формаларда жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

## 6. Көзөмөл жана отчеттуулук

**6.1.** Фонд туруктуу эсепти жүргүзөт жана Кеңешке жана Технопарктын жетекчилигине отчетторду берет.

**6.2.** Отчетторго каражаттардын сарпталышы, колдоого алынган долбоорлордун жыйынтыктары жана тартылган инвестициялар жөнүндө маалыматтар кирет.

**6.3.** Фонд Кеңештин же КМТУнун жетекчилигинин чечими боюнча тышкы аудиторлук текшерүүдөн өтүшү мүмкүн.

## 7. Венчурдук фонддун ишмердүүлүгүн токтотуу (жоюу) тартиби

**7.1.** Венчурдук фонддун ишмердүүлүгү Кеңештин чечими боюнча же Технопарктын директорунун сунушу боюнча КМТУнун жетекчилигинин чечими менен токтотулат.

**7.2.** Венчурдук фонддун ишмердүүлүгүн токтотуунун негиздери болуп төмөнкүлөр саналат:

– Венчурдук фонд түзүлгөн мөөнөттүн аякташы (эгер мындай мөөнөт келишимдик документтерде белгиленген болсо);

– Венчурдук фонд түзүлгөн максаттарга жетишүү же алардын практикалык маанисин жоготуусу;

– Кеңештин Венчурдук фонддун андан аркы ишмердүүлүгүнүн максатка ылайыксыздыгы жөнүндө чечими;

– КМТУнун жетекчилигинин Технопарктын ишмердүүлүгүн токтотуу жөнүндө чечими;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Венчурдук фонддун катышуучуларынын келишимдик документтеринде каралган башка негиздер.

**7.3.** Венчурдук фонд өзүнчө юридикалык жак болбогондуктан, анын ишмердүүлүгүн токтотуу юридикалык жакты жоюу процедурасын жүргүзбөстөн, ушул Жободо жана түзүлгөн келишимдерде каралган тартипте Венчурдук фонддун катышуучуларынын ортосундагы келишимдик мамилелерди токтотуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

**7.4.** Венчурдук фонддун ишмердүүлүгү токтотулганда Кеңеш төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

– колдонуудагы инвестициялык милдеттенмелер жана келишимдер боюнча эсептешүүлөрдү аяктоо;

– активдерди инвентаризациялоону жүргүзүү жана Венчурдук фонддун каражаттарын пайдалануу жөнүндө жыйынтыктоочу отчетту түзүү;

– инвестицияланган долбоорлор, инвесторлор жана башка үчүнчү жактар алдындагы милдеттенмелерди жөнгө салуу;

– калган активдерди (алар болсо) эгер келишимдик документтерде башкача каралбаса, катышуучулардын ортосунда алардын салымдарынын өлчөмүнө пропорционалдуу бөлүштүрүү тартибин аныктоо.

**7.5.** Венчурдук фонддун ишмердүүлүгүн токтотуу жөнүндө жыйынтыктоочу отчетту Кеңеш бекитет жана КМТУнун жана Технопарктын жетекчилигине берет.

**7.6.** Венчурдук фонддун ишмердүүлүгүн токтотуу жөнүндө чечим жана эсептешүүлөрдү аяктоонун жыйынтыктары Венчурдук фонддун бардык катышуучуларына Кеңеш белгилеген мөөнөттө, бирок тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып бир айдан кеч эмес мөөнөттө жеткирилет.

## 8. Жыйынтыктоочу жоболор

**8.1.** Ушул Жобо КМТУнун жетекчилиги тарабынан бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

**8.2.** Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Венчурдук фонддун Кеңеши тарабынан киргизилет жана Технопарктын директору менен макулдашуу боюнча КМТУнун жетекчилиги тарабынан бекитилет.

**8.3.** Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана университеттин ички актыларына ылайык чечилет.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы ____________________ А.Ж. Исраилов